**Кыргыз Республикасынын**
**Билим берүү жана илим**
**министирлиги**

**Айдаркулов Рысбек**
**Туйгунбековичтен**

# АРЫЗ

"Корчубек Акназаров атындагы орто мектеби" мекемеси
(билим берүү ишмердүүлүгүнүн жүргүзгөн юридикалык жактан толук аталышы)

институционалдык аккредитациядан өткөрүүнү суранат.

Уюштуруу-укуктук формасы: Мектеп

Менчик түрүү: Мамлекеттик

Юридикалык дареги:Кыргыз Республикасы Нарын облусу Кочкор району Чолпон айылы Шакираалы№20

Жайгашкан жери: Кыргыз Республикасы Нарын облусу Кочкор району Чолпон айылы Шакираалы№20

Салык төлөөчүнүн идентификациялык номери:02712199510735

Юридикалык жакты каттоо (кайра каттоо) датасы: 24-август 2020-жыл

Билим берүү уюмунун жетекчисинин телефон номери: 0709110861

Билим берүү уюмунун электрондук дареги: satarovagulira@gmail.com

Тиркелет:өзүн- өзү баалоо боюнча отчет ____ б.

2021 –жыл 9 - март

М.О.

______________ Р. Айдаркулов

(кол тамгасы) (аты жөнү)

**КОЧКОР РАЙОНДУК БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ К. АКНАЗАРОВ ОРТО МЕКТЕБИ**

722817, Нарын областы, Кочкор району, Чолпон айылы Шакиралы коч. 20, тел/мобл: 0709110861 korchubek.aknasarov@gmail.com ИИН 02712199510735 ОКПО 20636993

**КОЧКОРСКИЙ РАЙОННЫЙ ОТДЕЛ ОБРАЗОВАНИЯ СРЕДНЯЯ ШКОЛА ИМЕНИ К. АКНАЗАРОВА**

722817, Нарынская область, Кочкорский район, с.Чолпон ул. Шакиралы 20, тел/мобл: 0709110861 korchubek.aknasarov@gmail.com ИИН 02712199510735 ОКПО 20636993

18.01.2021-ж
№ 3

## Буйрук

Мектепти аккредитациядан өткөрүү жөнүндө

Мектептердин билим берүү программаларын ишке ашыра турган аккредитацияланууччу билим берүү уюмдарына коюлуучу минималдуу талаптарды аткаруу жана жооптууларды бекитүү жөнүндөгү Кочкор райондук билим берүү бөлүмүнүн №783 буйругун жетекчиликке алып буйрук кыламын.

1. Мектептин билим берүү ишмердүүлүгүн сапатына окуучулардын алган билимдеринин сапаты мамлекеттик стандарттын талабына ылайык келишип, милдеттүү түрдө негизги жана жалпы орто билим берүүдөгү окутууну багыттары жалпы билим берүү программасына дал келишин аныктоо максатында мектепте өзүн – өзү баалоо өткөрүлсүн.

2. Мектеп ичинде өзүн – өзү баалоо жүргүзүү боюнча төмөнкү курамда комиссия түзүлсүн.

   Комиссиянын төрагасы:

   1. Мектеп директору Айдаркулов Рысбек

   Комиссиянын мүчөлөрү:

   2. Окуу- тарбия иштери боюнча директордун орун басары - Алдашова Жылдыз
   3. Тарбия иштерин уюштуруучу -Жумалы уулу Адил
   4. Чарба иштери боюнча директордун орун басары - Алыбаев Сабит
   5. Информатика мугалими - Сатарова Гүлира
   6. Башталгыч класстар усулдук бирикмесинин жетекчиси- Усупканова Анаркүл
   7. Профсоюз уюмунун төрайымы - Бактыгулова Тукенай

3. Комиссиянын иштеп чыккан өзүн – өзү баалоо боюнча иштерининин жыйынтыгы мектептин педагогикалык кеңешинде каралсын.

Мектеп директору Р Айдаркулов.

БЕКИТИЛДИ

2021-жылдын «18» январь

№ 3 буйругу менен

# ӨЗҮН - ӨЗҮ БААЛОО БОЮНЧА ОТЧЕТ

НАРЫН ОБЛУСУНУН КОЧКОР РАЙОНУНДАГЫ «КОРЧУБЕК АКНАЗАРОВ АТЫНДАГЫ ОРТО МЕКТЕБИ» МЕКЕМЕСИ

## ИНСТИТУЦИОНАЛДЫК АККРЕДИТАЦИЯЛОО

*(ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ)*

Киришүү

**Окуу жай тууралуу кыскача**: Корчубек Акназаров атындагы орто мектеби 1927-жылы башталгыч билим берүү мектеби ачылган. 1935-1940-жылдары 7жылдык билим берүү мектеби курулуп иштей баштаган. 1958-жылы толук 10 жылдык орто мектеп ачылган. 1980-жылы  жаны эки этаждуу  имарат курулуп жатак мектеп болуп ачылган. 2000-ждылы социалистик эмгектин баатыры Корчубек Акназаровдун ысымы берилген. 2018-жылы жатак мектеп жабылып, жалпы орто мектеп болуп өзгөртүлдү

**Билим берүү уюмунун миссиясы:** Мугалимдердин сапаттуу билим берүүсүн камсыздоо менен сапаттуу билим берүүнүн негизинде окуучулардын азыркы коомго ыңгайлашуусун камсыз кылуу.

**Окуу жайдын жетекчиси** : Айдаркулов Рысбек Туйгунбекович тел: 0709110861
электрондук дареги: Aidarkulov02kg

**- БУнун буга чейинки аккредитациясы жөнүндө маалымат:**
Алгачкы аккредитациялоо
**- Корчубек Акназаров атындагы орто мектебинин дареги, телефон номерлери, e-mail:**
- дареги: КР, Нарын облусу ,Кочкор району, Чолпон айылы, Шакираалы көчөсү №20
- тел. номерлери: 0709110861
-  электрондук почтасы: satarovagulira@gmail.com

# Минималдуу талаптардын аткарылышын талдоо жана тастыктоочу база

| | Өзүн-өзү баалоо критерийлери | Билим берүү уюмунун анализи (өзүн-өзү анализдөө) | Далилдөөчү база |
|---|---|---|---|
| **1. БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН КАМСЫЗДОО САЯСАТЫ** | | | |
| **Билим берүү уюму кызыктар тараптардын керектөөлөрүн эске алуучу бекитилген башкаруу түзүмүнө, билим берүүнүн сапатын камсыздоо жана анын ишке ашыруу саясатына, иштин натыйжалуулугун баалоо системасына ээ болушу керек.** | | | |
| **1.1** | Билим берүү уюмунун ишин жөнгө салуучу бекитилген ички акттардын болушу | 1. Корчубек Акназаров атындагы орто мектеби<br>- КРнын “Билим берүү мыйзамдарына”<br>- КРнын өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 Токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында жалпы мектептик билимдин мамлекеттик билим берүү стандартына.<br>- КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын 18-июнундагы №475/1буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдарынын Базистик окуу планынын негизинде түзүлгөн.<br><br>КР юстиция министрлигинин. Нарын облусунун юстиция башкармалыгынын 2020-жылдын 24-августундагы №170 буйругу менен бекитилген УСТАВдын негизинде иш жүргүзөт. | 1. Устав<br>https://aknazarov.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/384/2021/05/mekteptin-ustavy.pdf<br><br>- Базистик окуу пландары<br>https://aknazarov.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/384/2021/05/bazistik-plan-1.pdf<br><br>- Күбөлүк<br>https://aknazarov.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/384/2021/05/yuridikalyk-zhakty-mamlekettik-kayra-kattoo-zh-n-nd-k-b-l-k-2.pdf<br><br>2. Окуу планы<br>https://aknazarov.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/384/2021/05/mekteptin-okuu-plany.pdf |

| | Өзүн-өзү баалоо критерийлери | Билим берүү уюмунун анализи (өзүн-өзү анализдөө) | Далилдөөчү база |
|---|---|---|---|
| **1.2** | Билим берүү уюмунун бекитилген миссиясынын, кызыкдар тараптардын керектөөлөрүн жана өзүн-өзү баалоонун ар жылдык жыйынтыктарын эске алуу менен иштелип чыккан стратегиялык жана учурдагы пландардын болушу. | 2018-2021-жылдарга карата Корчубек Акназаров атындагы орто мектебинин “Стратегиялык өнүгүү планы” мектептин педагогикалык кеңешинин жана ата – энелер комитеттинин 2018-жылдын 18-августундагы чогулушунун №1 токтому менен бекитилген жана ишке киргизилген.<br>Өнүгүү планында мектептин миссиясы, максаты жана күтүлүүчү натыйжалар көрсөтүлгөн:<br><br>**Окуу жайдын миссиясы:**<br>Мугалимдердин сапаттуу билим берүүсүн камсыздоо менен сапаттуу билим берүүнүн негизинде окуучулардын азыркы коомго ыңгайлашуусун камсыз кылуу.<br>Мектептин миссиясына жана коюлган максаттарды ишке ашыруу үчүн педагогикалык кеңештин жана ата-энелер чогулушунда **«2018-2021-жылдарга карата өнүгүүнүн стратегиялык планы»** кабыл алынып бекиген (Протокол № 1, 18.08.2018-жыл) | Усулдук бирикмелердин иш пландары;<br><br>https://aknazarov.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/384/2021/05/usulduk-keneshmenin-ish-plany-2.pdf<br><br>Окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басарынын жылдык планы<br><br>https://aknazarov.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/384/2021/05/ish-plan.pdf |

| | Өзүн-өзү баалоо критерийлери | Билим берүү уюмунун анализи (өзүн-өзү анализдөө) | Далилдөөчү база |
|---|---|---|---|
| | | **<u>Окуу жайдын негизги максаты:</u>** Корчубек Акназаров атындагы орто мектеби мамлекеттик стандарттын негизинде окутуу, инсанга багытталган окутууну билим берүү роцессинде колдонуу менен окутуу тарбиялоо процессинде ата-энелердин катышуусун активдештирүү.<br>Мектептин администрациясы тарабынан ар бир өткөн окуу жылынын аякталышы менен жыйынтыктар чыгарылат. Аткарылган иштер анализденип кызыктар тараптардын (ата-энелер, окуучулар, социалдык жана өндүрүштүк партнерлор) суроо-талаптары жана сунуштары эске алынат. Чыгарылган жыйынтыктарына карата кийинки окуу жылына ар бир багыттар боюнча иш пландары бекитилет. Аларга мектептин администрациясынын, окуу бөлүмүнүн, тарбия иштери боюнча директордун орун басарынын, усулдук бирикменин, ата-энелер комитетинин жана башка жылдык пландары кирет. | |

| | Өзүн-өзү баалоо критерийлери | Билим берүү уюмунун анализи<br>(өзүн-өзү анализдөө) | Далилдөөчү база |
|---|---|---|---|
| **1.3** | Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатын ишке ашыруу жана жооптуу адамдардын/түзүмдөрдүн болушу. | Мектепте билим сапатын камсыз кылуу окуу бөлүмүнүн башчысына, директордун орун басарларына милдеттендирилген.<br>Мектепте билим берүү сапатын камсыздоо үчүн окуу-өндүрүштүк жана усулдук иштер боюнча директордун орун басары, окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары, окуу бөлүм башчысы жана ага устат иш алып барышат.<br>Методисттер өзүлөрүнүн иш планына негизги маселелердин бири катары билим сапатын көтөрүүнү киргизишкен. Окуу бөлүмүнүн башчысы менен бирге мугалимдер да өз ара сабакка катышып, ар бир сабакка анализ берет, сунуш-пикирлерин айтышат. | Ички көзөмөлдүн графиги<br>https://aknazarov.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/384/2021/05/mekteptin-ichki-grafikalyk-k-z-m-ld-n-n-okuu-zhylyna-karata-t-zg-n-grafikalyk-plany-1.pdf<br><br>Мугалимдердин өз ара сабакка катышуусу, анализ берүүсү<br>https://aknazarov.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/384/2021/05/mugalimderdin-z-ara-sabakka-katyshuusu-analiz-ber-s-1-1.pdf |
| **1.4** | Персоналдын жана окуучулардын жүрүм-турумунун бекитилген этикалык ченемдеринин болушу, аларды сактоо (билим берүүнүн жана инсандын, маданий көп түрдүүлүктүн баалуулуктарын колдоочу уюштуруучулук маданияттын калыптангандыгы). | Мектепте педагогикалык коллективдин чогулушунун токтому жана директордун буйругу менен Этика комиссиясынын курамы бекитилген. Этика комиссиясы өзүнүн ички чогулушун өткөрүп, анда комиссиянын төрагасын шайланды. Этика комиссиясынын жобосу, Этика Кодекси этика комиссиясы тарабынан иштелип чыгып, жалпы чогулушта бекитилген.<br><br>Мектептин Уставында белгиленген окуучулардын укуктары жана милдеттери атайын банерге чыгарылып илинген. | Этика комиссиясынын иш планы;<br>https://aknazarov.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/384/2021/05/etika-komissiyasynyn-ish-charasy-1.pdf<br><br>Эмгек кодекси |

| | Өзүн-өзү баалоо критерийлери | Билим берүү уюмунун анализи (өзүн-өзү анализдөө) | Далилдөөчү база |
|---|---|---|---|
| **1.5** | Иштин баалоо, пландоо, уюштуруу, ошондой эле билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун абалына мониторинг жүргүзүү механизмдеринин жана жол-жоболорунун болушу; | Мектептин жалпы ишмердүүлүгү тууралуу маалымат, окуучулардын контингенти, сабактарга катышуусу жана жетишүүсү, окууда, спортто чыгармачылык жетишкендиктери жөнүндө маалыматтар коомчулукка 1-жарым жылдыкта жана окуу жылынын жыйынтыгы менен өтүлүүчү ата-энелердин чогулушу аркылуу маалыматтар жарыяланат. Жылдык жана стратегиялык планда белгиленген иш-аракеттердин аткарылышы боюнча дагы отчет берилип, кийинки жылдык планды түзүүдө аткарылбай калган пландар эске алынат.<br><br>Мектептин планын аткарылышынын механизмдери болуп:<br>• 1-жарым жылдыкта жана окуу жылынын жыйынтыгы менен мониторинг жүргүзүү (тест, суроо-жооп, жазуу иштери, текшерүү иштери ж.б.)<br>• Мектепте ар бир ай үчүн өткөрүлө турган иш-чаралардын планы түзүлүп алардын анализи чыгарылып турат;<br><br>Ата-энелерден алынган анкеталар, социалдык сурамжылоолор жүргүзүлөт. | Окуу бөлүмүнүн башчысынын жарым жылдык отчеттору |

| | Өзүн-өзү баалоо критерийлери | Билим берүү уюмунун анализи (өзүн-өзү анализдөө) | Далилдөөчү база |
|---|---|---|---|
| **1.6** | Кызыкдар тараптарды тартуу менен чечимдерди кабыл алуунун жана тиешелүү оңдоолорду киргизүүнүн колдонуудагы механизмдеринин болушу; | Мектеп жылдык пландын, мектептин миссиясын жана стратегиялык пландын максаттарынын камтыган, коомдун жана ар бир окуучунун заманбап муктаждыктарына жооп берген сапаттуу билимдин жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу үчүн шарттарды түзүүнү максат кылат. Мындан сырткары мектептин директорунун тарбиялык иштер боюнча директордун орун басарынын, окуу бөлүмүнүн башчысынын, усулдук бирикменин башчысынын жана усулдук бирикмелердин жылдык пландары окуу жайдын директору тарабынан бекитилип, түзүлгөн план боюнча иштер жүргүзүлөт.<br>Мектепте ата-энелер комитети түзүлгөн. Ата-энелер комитетинин курамына 1-4-класстын жана 5-11-класстардын активдүү ата –энелеринен түзүлгөн. Ата-энелер комитетти мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоодо көмөк көрсөтөт.<br>Ата-энелер комитети – ар бир тайпадагы активдүү ата-энелерден турат. Мындан сырткары, мектепте өзүн-өзү башкаруу уюму (ӨӨБУ) иш алып барат. Бул уюм үлгүлүү, активдүү окуучулардан турат. Билим сапатынын деңгээли, мугалимдердин сабак өтүүсү боюнча ой-пикирлер, мектеп ичинде ар кандай иш чараларды өтүү тууралуу сунуштар окуучулардын ӨӨБУнан сунушталып турат. Сунуштар кайрылуу иретинде болуп, окуучулардын сунуштары мектептин директорунун алдындагы кеңешмеде каралат. | Мектептин администрациясынын жылдык планы.<br>https://aknazarov.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/384/2021/05/mekteptin-2020-2021-okuu-zhylyna-karata-okutuunun-zhana-tarbiyaloonun-zhyldyk-plany.pdf<br><br>Тарбия иштери боюнча директордун орун басарынын жылдык планы<br>https://aknazarov.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/384/2021/05/tarbiya-ishteri-boyuncha-2020-2021-okuu-zhylyna-karata-tk-r-l-ch-ish-plandar-1.pdf<br><br>Окуу бөлүмүнүн башчысынын жылдык планы<br>https://aknazarov.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/384/2021/05/ish-plan.pdf<br><br>Усулдук бирикмелердин жылдык планы<br>https://aknazarov.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/384/2021/05/usulduk-keneshmenin-ish-plany-2.pdf |

| | Өзүн-өзү баалоо критерийлери | Билим берүү уюмунун анализи (өзүн-өзү анализдөө) | Далилдөөчү база |
|---|---|---|---|
| **1.7** | Билим берүүнү башкаруунун колдонуудагы маалыматтык системасынын, веб-сайттын, электрондук почтанын болушу; | Мектептеги маалыматтык системасында маалыматтык башкаруунун бир катар тармактары аркылуу иш жүргүзүлөт: Мультимедия, вотсап, фейсбук, инстаграм, электрондук почтасы:korchubek.aknasarov@gmail.com | Адрес: Фейсбук, инстаграм, электрондук почта |

**Жыйынтыгы:**

**Күчтүү жагы:**Мектепте билим сапатын камсыз кылуунун үстүндө иш жүргүзүлөт. Директордун буйругу менен билим сапатын камсыз кылуу окуу бөлүмүн башчысына милденттендирилген. Ар бир предметтик мугалим, ата-энелер, ата-энелер комитетти да билим сапатын камсыздоонун үстүндө иш жүргүзүшөт.

**Алсыз жагы:** Мектепте окуучуларынын көпчүлүк бөлүгү сапаттуу билим алууга окуу китептери жетишсиз болгондуктан мүмкүнчүлүгү аз. Ошондуктан мектепте билим алган окуучулардын жалпы билим сапаты төмөн болуп калат.

**Сунуштар:** Мектепте билим сапатын мындан ары да жогорулатуу үчүн заманбап каражаттар пайдаланып сабак өтүүнү колго алуу, күчөтүү.

| 2. КАДРДЫК САЯСАТТЫН ЭФФЕКТИВДҮҮЛҮГҮ | | | |
|---|---|---|---|
| **Билим берүү уюмунун өз ишин компетенттүү персонал менен камсыздоо үчүн натыйжалуу кадрдык саясаты болушу керек.** | | | |
| | **Өзүн-өзү баалоо критерийлери** | **Билим берүү уюмунун анализи (өзүн-өзү анализдөө)** | **Далилдөөчү база** |
| **2.1** | Педагогикалык, административдик, окутуучу-көмөкчү жана кенже тейлөөчү персоналды жумушка алуунун (жумуштан бошотуунун) объективдүү критерийлерин жана шарттарын камсыздоочу механизмдин жана жол-жоболордун болушу; | Мугалимдерди жумушка кабыл алуу жана кызматтык ордун жогорулатуу боюнча КРнын Эмгек кодексинин талаптарына ылайык жана КР “Билим берүү жөнүндө” мыйзамынын негизинде иш алып барылат. Жаны кабыл алынган жаш кадрларга 5 жылга чейин мектептин тажрыйбалуу мугалимдеринен усулдук жактан жардам берүүгө устат мугалим директордун буйругу менен бекитилип берилет.<br>Ал эми келишим менен иштеп жаткан мугалимдер эмгек келишиминин жана директордун буйругу менен жумушка кабыл алынат. | Мугалимдер менен түзүлгөн келишимдер.<br>https://aknazarov.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/384/2021/05/emgek-kelishimi-1.pdf |

| | Өзүн-өзү баалоо критерийлери | Билим берүү уюмунун анализи (өзүн-өзү анализдөө) | Далилдөөчү база |
|---|---|---|---|
| **2.2.** | Штаттардын комплекттелишинин, педагогикалык персоналдын квалификациясынын жана билиминин билим берүү программасына шайкеш келүүсү; | Корчубек Акназаров атындагы орто мектеби мугалимдерди кабыл алууда биринчи милдет катары педагогдун квалификациясына жана компотенттүүлүкгө басым жасайт. Бул өз кезегинде окуучулардын мыкты билим алуусунун негизги талабы катары саналат. Педагогдордун кадрдык курамы штаттык расписаниенин негизинде түзүлөт. Баардык предметтик мугалимдер адистигине туура келет.<br>Тажрыйбалуу, өз ишин мыкты билген мугалимдер сабак берет. Жалпы билим берүүчү программалар боюнча сабак берген мугалимдердин 80%ы өз ишин мыкты билген, окутуунун максаттарына жетүүнүн талаптарына толук жооп берген, заманбап инновациялык технологиялар жана методикаларды колдоно билген мыкты адистер.<br>2020-2021-окуу жылынын 2-жарым жылдыгына карата мектепте 42 мугалим иштеп жатат.<br><br>Жогорку билимдүүсү-30<br><br>Атайын орто-2<br><br>Жаш мугалимдер-10 | Мектептин педагогикалык курамы жөнүндө маалымат; https://aknazarov.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/384/2021/05/mugalimderdin-sapattyk-kuramy-1.pdf<br><br>Кызматтык милдеттер. Https://aknazarov.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/384/2021/05/mektep-zhetekchilerinin-funktsionaldyk-mildetterinin-b-l-sht-r-l-sh-1-2.pdf |
| **2.3.** | Физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү, ошондой эле билим берүү процессинин катышуучуларынын өз ара мамилелерин баалоону, анын жыйынтыгы боюнча чечимдерди кабыл алууну камсыздоочу механизмдин жана жол-жоболордун болушу; | Мектеп билим берүү чөйрөсүндөгү жакшы гигиеналык шарттарды, таза сууну жана абаны, жарыктандырууну жана коопсуз имараттарды, зордук-зомбулуктун жоктугу менен окутуунун толеранттуу атмосферасын камсыз кылууну максат кылат. Билим берүү процессинин катышуучуларынын даттануулорын жана пикир сунуштарын кабыл алуучу атайын куту жана китепче уюштурулган. Мектепте конфликт комиссиясы иш алып барат.<br>Окуучулардын билим денгээлин баалоодо да атайын аппеляциялык комиссия иш жүргүзөт. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **2.4** | Педагогикалык, административдик, кенже тейлөөчү жана окутуучу-көмөкчү персоналдын ишин баалоону, анын жыйынтыгы боюнча чечимдерди кабыл алууну камсыздоочу механизмдин жана жол-жоболордун болушу; | Профсоюз комитети жана мектеп администрациясы билим берүүдө жана ишмердүүлүктө, коомдук турмушта жана маданий массалык иш-чараларда, методикалык жана компетенттүү изденүүчүлүктө активдүүлүктү көрсөткөн же ийгиликке жетишкен билим берүү процессинин катышуучуларын белгилөөнү, дем берүүнү жана сыйлоону уюштуруп турат. Бул боюнча атайын сыйлык комиссиясы иш алып барат. | |

Жыйынтыгы:

***Күчтүү жактары***

1. Окутуучуларды инновациялык билим берүү усулдарына жана технологияларына мезгилдүү окутууга шарт түзүлүүсү
2. Жалпы орто билим берүүнүн программалары боюнча алдыңкы тажрыйбалуу мугалим, устаттардын болуусу.
3. Мектептин ички жана тышкы байланыштар менен иш алып баруусу
4. Мугалимдердин НМУдан квалификациясын жогорулатуу курстарынын өтүп турушу.

**Алсыз жактары:**

Жаш кадрлардын мектепте орундун жок болушу, эмгек маянасынын аздыгы

**Сунуштар:** Жалпы орто билим берүү программасы боюнча кыргызча окуу- усулдук колдонмолорду иштеп чыгууга басым коюу

Өз билимин жогорулатуу боюнча шарттардын болуусу.

| 3. МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК БАЗА | | | |
|---|---|---|---|
| **Билим берүү уюму жетиштүү, жеткиликтүү коопсуз жана билим берүүнүн максаттарына ылайык келүүчү материалдык-техникалык базасы болушу керек.** | | | |
| | **Өзүн-өзү баалоо критерийлери** | **Билим берүү уюмунун анализи (өзүн-өзү анализдөө)** | **Далилдөөчү база** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **3.1** | Билим берүү процессинин катышуучуларына, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга жеткиликтүү болгон окуу имараттарынын, жайлардын жана материалдык ресурстардын (жабдылган окуу класстары, лабораториялар, компьютердик класстар, спорт зал, актылар залы, медициналык пункт, ашкана), ошондой эле жашоо үчүн тиешелүү шарттары бар жатаканалардын (эгерде болсо) болушу | Мектепте окуучулардын билим алуусу үчүн материалдык-техникалык базанын бардык шарттары түзүлгөн. эки кабаттуу окуу корпусу жана кошумча башталгыч класстар үчүн окуу корпусу, ашкана, спорт залы жана спорттук аятчалар, 1 устакана бар. Мектептин тиешелүү жалпы аянты 56217,9$м^2$, жалпы курулуш имараттарынын аянты 3482,48 $м^2$<br>Башкы окуу корпусунун жалпы аянты 2033,85$м^2$<br>Окуу корпусунда жалпысынан 27 окуу кабинеттери бар.<br>Физика кабинети-1<br>Химия кабинети-1<br>Кыргыз тили жана адабияты кабинети-2<br>Орус тили жана адабияты кабинети-2<br>Англис тили кабинети-1<br>Математика кабинети-1<br>Тарых кабинети-1<br>География кабинети-1<br>Биология кабинети-1<br>Компьютердик класс-1<br>Административдик кабинеттер-4<br>Окуучулардын өзүн-өзү башкаруу уюмунун кабинети-1<br>Ошондой эле лабораториялык 1 бөлмө иштейт, 1класс проектор жана экрандар | Мектептин материалдык-техникалык базасы тууралуу маалымат.<br>https://aknazarov.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/384/2021/05/inventardyk-ish-kagaz.pdf<br><br>Тех.паспорт.<br>https://aknazarov.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/384/2021/05/teh.pasport-1.pdf |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | менен жабдылган. Компьютердик класс заманбап типтеги интернеттке туташкан 16 компьютер бар, окуу жайдын бардык компьтерлери 3 принтер-сканер менен жабдылган жана интернет кошулган. Компьютердик класс 1- сменада колдонулат. Окуу корпусунун кире беришине пандусдар жана кеңейтилген эшиктер орнотулган. Мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар үчүн 200мин сомго атайын дааратканa курулган. Бирок мүмкүнчүгү чектелгендер үчүн атайын тайпалар болбогондуктан, алар үчүн өзгөчө окуу куралдары менен камсыз болгон эмес. Окуу корпусун сыртында экиден (эркек балдар үчүн жана кыздар үчүн) даарат кана жайгашып санитардык талаптарга жооп берет.<br><br>спорт зал окуутуунун жана окуучулардын машыгуусуна талаптарына жооп берет. Актылар залы окуу корпусунун имаратында жайгашып 20 орунтуктар, сахна жана даярдык бөлмөсүнөн туруп, керектүү инвентарлар менен жабдылган.<br><br>Корчубек Акназаров атындагы орто мектебинин ашканасы 60 орунга ылайыкташтырылган керектүү идиш-аяктар, ысык тамактарды даярдоо үчүн электрдик жабдуулар жана тамак-аштарды сактоочу склад менен толук камсыз болгон. Ашкана жана кухня санитардык | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | норманын шарттарына толук жооп берет. Идиш-аяктарды жууп жана сактоо үчүн өзүнчө бөлмө бар.<br>Башка мектептер сыяктуу эле 1-4-класстарга күнүнө ысык тамак берилет, | |

| | Өзүн-өзү баалоо критерийлери | Билим берүү уюмунун анализи (өзүн-өзү анализдөө) | Далилдөөчү база |
|---|---|---|---|
| **3.2** | Билим берүү чөйросүнүн коопсуздугунун талаптарын сактоо (экологиялык, санитардык-эпидемиологиялык жана гигиеналык эрежелер жана ченемдер, өрт коопсуздугунун, эмгекти коргоонун жана коопсуздук ыкмаларынын эрежелери) | Бардык окуу кабинеттеринде өрт коопсуздугу боюнча эвакуациялык пландары, щиттер, коопсуздук бурчтары уюштурулган. Санитардык нормага ылайык желдеткичтер менен жабдылган. Окуу корпустарынын абалы канааттандыраалык, күнүнө эки жолу техничкалар тарабынан нымдуу тазалоо иштери жүргүзүлүп турат. Жылына бир жолу ремонттолуп, сырдалып турат.<br>Мектептин корпустары өрткө каршы керектүү жабдуулар менен жабдылган жана өрткө каршы кызмат менен биргеликте мектептин буйругу менен өрткө каршы коошуун түзүлгөн. Өрт чыгып кетүү коркунучунда кошумча чыгуу эшиктер менен жабдылган. Эпидемиологиялык эрежелерди аткаруу боюнча ар бир окуу классында антисептиктер кол жуучу умывальниктер жана бут сүртүүчү антибактериалдык килемчелер орнотулган.<br>Ар бир өндүрүштүк окутуунун алдында техникалык коопсуздук боюнча инструктаж өткөрүлүп турат | Өрт коопсуздугу тууралуу директордун буйругу. https://aknazarov.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/384/2021/05/-rt-koopsuzdugu-boyuncha-buyruk.pdf<br><br>Өрт коопсуздугун алдын алуу үчүн түзүлгөн кошуундун планы. https://aknazarov.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/384/2021/05/-rt-koopsuzdugu-boyuncha-akt-1.pdf |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **3.3** | Материалдык-техникалык базаны жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу боюнча ишти топтоо, баалоо, талдоо жана пландоо механизминин болушу; | Корчубек Акназаров атындагы орто мектебинин материалдык-техникалык базасын анализдөө максатында окуу жайда инвентаризация жүргүзүлүп турат. Ар бир класс-кабинет, лаборатория жана усатканалардын башчысы өзүнө бекитилген инвентарларга жоопечилик менен мамиле кылуусу милдеттендирилген. Мындан сырткары, мугалимдер менен түзүлгөн келишимде ар бир мугалим эмгек шарттарын камсыз кылуу үчүн берилген мүлктүн бүтүндүгүнө жооп берет.<br><br>Материалдык базаны чыңдоо боюнча спонсорлор жана ар кандай каржы булактарынан ар түрдүү инвертарларды сатып алуу же ондоп түзөө иштери жүргүзүлөт. Акыркы 5 жыл ичинде 2 окуу класстарына жаңы парталар жана окуу инвентарлары, 20 монитор, 3 компьютер, 2 принтер, 1 видео проектор сатылып алынынды. | Мектептин материалдык-техникалык базасы тууралуу маалымат. https://aknazarov.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/384/2021/05/inventardyk-ish-kagaz.pdf<br><br>Окуу жылына даярдыгы тууралуу корутунду https://aknazarov.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/384/2021/05/okuu-zhylyna-dayardygy-tuuraaluu-korutundu.pdf |

**Жыйынтыгы:**

**Күчтүү жактары:**

1. Интернет байланышы.

**Алсыз жактары:**

1. Мектеп капиталдык ремонттон өткөн эмес
2. Окуу китептеринин жетишсиздиги.

**Сунуштар**: Керектүү окуу китептерин сатып алуу.

| 4. ФИНАНСЫЛЫК РЕСУРСТАРДЫ БАШКАРУУ | | | |
|---|---|---|---|
| **Билим берүү уюму билим берүү максаттарына жетишүү үчүн финансы ресурстарын башкарууга тийиш** | | | |
| | **Өзүн-өзү баалоо критерийлери** | **Билим берүү уюмунун анализи (өзүн-өзү анализдөө)** | **Далилдөөчү база** |
| **4.1** | Финансылык пландоо системасынын болушу | Мамлекет тарабынан мектептин жылдын божомол пландоосуна туура келген мугалимдердин жылдык эмгек акысына 1018561сом өлчөмүндө тариф бекитилген. Мектептин оңдоп түзөө үчүн 32760 сом. Текющий ремонтко 17655сом. Жылытуу системасы үчүн 156 тонна көмүр менен каржыланат. 1-4-класстар үчүн ар бир окуучуга күнүнө 10 сомдон ысык тамак үчүн акча бөлүнүп бекитилет. | Тариф https://aknazarov.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/384/2021/05/tarifikatsiya-3.pdf |
| **4.2** | Кошумча финансы ресурстарын тартуу, бөлүштүрүү жана отчеттуулук боюнча ачык-айкын механизмдердин болушу; | Мектепке кошумча каражаттар автордук кабинеттердин ээлеринен жана мектепти бүтүп кеткенине 10 жыл, 20 жыл болгон жарандар тарабынан кошумча мектепке каражаттар тартылат. Тартылган каражаттар ачык айкын педкенешмеде жазалган иштердин отчеттору берилет. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **4.3** | Материалдык-техникалык базаны жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу боюнча ишти топтоо, баалоо, талдоо жана пландоо механизминин болушу; | Корчубек Акназаров атындагы орто мектебинин материалдык-техникалык базасын анализдөө максатында окуу жайда инвентаризация жүргүзүлүп турат. Ар бир класс-кабинет, лаборатория жана устаканалардын башчысы өзүнө бекитилген инвентарларга жоопкерчилик менен мамиле кылуусу милдеттендирилген. Мындан сырткары, мугалимдер менен түзүлгөн келишимде ар бир мугалим эмгек шарттарын камсыз кылуу үчүн берилген мүлктүн бүтүндүгүнө жооп берет.<br><br>Материалдык базаны чыңдоо боюнча спонсорлор жана ар кандай каржы булактарынан ар түрдүү инвертарларды сатып алуу же оңдоп түзөө иштери жүргүзүлөт. Акыркы 5 жыл ичинде 2 окуу класстарына жаңы парталар жана окуу инвентарлары. 20 монитор. 3 компьютер. 2 принтер. 1 видео проектор сатылып алынынды. | Тиркеме №17 кабинеттин паспорту (мисал катарында)<br><br>окуу жайдын паспорту. |

**Жыйынтыгы:**

Күчтүү жагы: Интернет байланышы.

**Алсыз жагы:**

1. Мектеп капиталдык ремонттон өткөн эмес
2. Окуу китептеринин жетишсиздиги.

Сунуштар: Керектүү окуу китептерин сатып алуу.

Комиссиянын төрагасы

Мектеп директору/ / Айдаркулов Рысбек

Комиссиянын мүчөлөрү:

Окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары/ / Алдашова Жылдыз

Тарбия иштерин уюштуруучу / / Жумалы уулу Адил

Чарба иштери боюнча директордун орун басары / / Алыбаев Сабит

Информатика мугалими / / Сатарова Гүлира

Башталгыч класстар усулдук бирикмесинин жетекчиси / / Усупканова Анаркүл

Профсоюз уюмунун төрайымы / / Бактыгулова Тукенай